***№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин усулдук кеңешинин заседаниесинин***

**Протоколу**

01.09.2022-жыл

Коммиссиянын төрайымы: Директор Омурзакова Д,
Усулдук кеңештин төрайымы: Борбуева Жаңыл

**Күн тартиби**

1. 2022 – 2023 окуу жылына карата гимназия класстарына окуучуларды кабыл алуу жөнүндө

2. Тереңдетип окутулуучу предметтер боюнча гимназия класстарына сабак өтүүчү мугалимдерди аныктоо
3. Мектеп компонентин бекитүү.

Угулду : Күн тартибиндеги 1 – маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Кадырова.Ф билдирүү жасап ал төмөндөгүлөргө токтолду. Гимназия класстарына бардык предметтердин жогорку баллга ээ болгон балдарды өзүнүн жана ата-энесинин каалоосу боюнча тактап алышыбыз керек. Класс жетекчилеринин берген маалыматтарынын негизинде $5^{а}$кл_26__ $6^{а}$кл_31 $7^{а}$кл_30_ $8^{а}$кл_22_ $9^{а}$кл30_ $10^{а}$кл20 $11^{а}$кл 25_ окуучусу гимназия класстарына кабыл алышыбыз керек себеби ошол окуучулар өткөн окуу жылында гимназия класстарын «жакшы» жана «эң жакшы» деген баалар менен аякташкан. Ал эми $5^{а}$ класска тест алуу боюнча тандалды.
Жарыш сөзгө чыккандар :
Кадырова Ф.- окуу бөлүмүнүн башчысы. Тандалып алынган класстардан жогорку баллга ээ болгон балдарды тандап алганыбыз туура. Мен тизмеге кирген окуучуларды гимназия класстарына кабыл алуу сунушуна кошулам.
Момкеева Т.- кыргыз тил мугалими. Гимназия класстарында окуган окуучулар жөнөкөй класста окуган окуучуларды өзүнчө класска топтоп аларга тереңдетилген билим берүү коомубуздун талабы. Ошондуктан Ошол балдарды гимназия класска өтүүсүнө мен да макулмун.Орозова З.- математика мугалими. Негизинен окуучулар туура тандалган биздин милдет окуучуларды мындан ары дагы билимин тереңдетүү.Кадырова Г.- физика мугалими. Гимназия класстарында тереңдетилип окулуучу предметтерди бизге ишенип бергенден кийин бул класстар менен иштеген мугалимдер изденип чыгармачылык менен эмгектенүүсү керек. Окуучулардын билимге болгон талабын орундалып мектеп программасын талапка ылайык түзүп окуучулардын ошол предметке болгон кызыгуусун арттыруу керек. Ошондой эле ар чейрек сайын экзамен зачетторду алып туруусу окуучулардын жоопкерчилигин өз алдынча иштөөсүн арттырат. Ай сайын кээде жума сайын ар бир иштин жыйынтыгын чыгарып ата-энелер менен бирдикте иш алып баруубуз керек.

2-маселе. Омурзакова Д.- мектеп директору. Гимназия классынын ата-энелери менен өзүнчө жыйналыш өтүп алардын комитетин уюштуруу анын төрагасын мектептеги ата-энелер комитетинин төрагасынын орун басары кылып шайлоо

окуу-тарбия ишинин натыйжалуулугу таасир этиши мүмкүн.Бул окуу жылында төмөндөгү класстардын терендетилип окутулушу жөнүндө айтып өттү
5-«А» кл.орус тили жана тарых,6-«А» кл.-орус тили жана англис тили, 7-«А» кл-орус тили жана англис тили,8-«А» кл.-орус тили жана кыргыз тили,9-«А» кл.кыргыз тили жана англис тили,10-«А» кл.-кыргыз тили жана тарых,
11-«А»кл.-кыргыз тилинен терендетилип окутулат жана бардык предметтерден гимназия жана жөнөкөй ийримдер өтүлөт.Ошондой эле бул класстарга сабак өтуучү мугалимдердин тизмелери жадыбалда көрсөтүлүп турган боюнча өтүлөт
3-маселе: Мектеп компонентинен кайсы предметтерге сааттар бөлүнгөнү жөнүндө О.Б.Б. Кадырова Ф.айтып өттү.Жөнөкөй класстардан 5-класска -1 саат,8-класска 1 саат. Гимназия класстардан 5-кл.орус тилинен- 1 саат,6-кл.чет тилинен-1 саат,7-кл.чет тилинен 1 саат,9-кл.чет тилинен – 1 саат,9-кл.орус тилинен 1 саат,7-кл.орус тилинен 1 саат

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап кеңешме.

**Чечим кылат**

1. Гимназия класстарына 5-«А» классына-26. 6-«А» классына.-31.
   7-«А» классына-30. 8-«А» классына-22, 9-«А» классына-30.
   10-«А» классына-20.. 11-«А»классына-25 окуучулар кабыл алынсын

2. Терендетилип окутулуучу класстар жогорудагы кун тартибинде көрсөтүлгөн предметик мугалимдер тарабынан терендетилип окутулсун

3. Жогорудагы күн тартибинде айтылган боюнча мектеп компонентинен бөлүнгөн сааттарды ар бир бөлүнгөн мугалимдер тарабынан жоопкерчилик менен окутулсун

4. Күн тартибиндеги маселе боюнча алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Ф. Кадыровага жүктөлсүн.

Комиссиянын төрайымы Омурзакова Д.
Усулдук кеңештин төрайымы: Борбуева Ж.

Комиссиянын мучөлөрү:
Кадырова Ф.- Окуу бөлүмүнүн башчысы
Орозова З.- Математика мугалими
Кадырова Г.- Физика мугалими
Момкеева Т.- Кыргыз тили мугалими